**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жыл 22-август №12** **Бөө-Терек айылы**

**2021-жылдын май айынанан баштап Бөө-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттарынын чыгарган эки жылдык токтомдорунун аткарылышы боюнча айыл өкмөтүнүн башчысына баа берүү жөнүндө.**

Боо-Терек айылдык Кенешинин XXXII чакырылышындагы депутаттарынын 2022-жылдын 31-майындагы XI сессиясынын №3 токтому менен кабыл алынган регламентине ылайык, 5 күн мурун Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттарынын 2021-жылдын май айынанан баштап чыгарган эки жылдык токтомдорунун көчүрмөлөрү депутаттарга кагаз түрүндө таркатылып берилген, материалдарды айылдык Кенешинин депутаттары үйлөрүнөн окуп, карап чыгып таанышып, талкуулап айылдык Кенештин депутаттарынын XXVII сессиясы **КР Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндо Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктунун 10-пунктчасын, 39-беренесинин 2-пунктун** жетекчиликке алып жана **КР мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө Мыйзамынын 14-беренесинин 1-пунктунун 1-пунктчасын** эске алып ошондой эле **КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктун** аткаруу максатында жана ошондой эле **КР жергиликтүү Кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндөгү Мыйзамынын 11,12,18,19,20,24-беренелеринин негизинде,** мындан тышкары айылдык Кеңештин депутаттарынын төрагасы тарабынан аткарууга жөнөтүлгөн чыгыш каттарынын 80% айыл өкмөтүнүн администрациясы аткарбагандыгын негиздеп

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2021-жылдын май айынан баштап Боо-Терек айылдык Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттарынын чыгарган эки жылдык токтомдорунун аткарылышынын жыйынтыгы боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы **аткарбагандыгы** белгиленсин.

2. Кезектеги сессияда Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы У.Э.Буланбековдун ээлеген кызматына ишенбестик көрсөтүү жөнүндөгү маселеси күн тартибине киргизилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы Боо-Терек айылдык Кенешинин XXXII чакырылышындагы депутаттарына жүктөлсүн.

**Төрага** **Мамыралиев А.**